МАКУЛДАШЫЛДЫ
Окумуштуулар кенешинин чечими

2017-ж. «05» 07 №11

БЕКИТЕМИН
АЭУ ректору С. Эрдолатов

2017ж.« 07 » 07

**«Ала-Тоо» Эл аралык университетинин окутуу-методикалык кенеши жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жобо

1. «Ала-Тоо» Эл аралык университетинин окутуу-методикалык бирикмеси (мындан нары - АЭУ) университеттин профессордук-педагогикалык кызматкерлери, өкүлдөрүнөн, декан, кафедра башчыларынан түзүлөт.

2. ОМК өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамын, АЭУнин Уставынын, кесиптик жогорку билим берүү тармагы боюнча нормативдик укуктук актылардын жана ушул Жобонун негизинде жүргүзүлөт.

3. ОМКнин ишмердүүлүгүнүн негизги принциптери кесипкөйлүк, тең укуктуулук, коллегиалдуулук, айкындык жана ачыктык болуп эсептелет.

4. ОМКнин чечимдери АЭУнин белгилеген анын иши жөнүндө регламентке ылайык кабыл алынат жана сунуштоочу мүнөзгө ээ болот.

## 2. Негизги максаты жана милдеттери

2.1. **ОМКнин негизги максаты:** Окутуу багыттары жана адистиктер боюнча окуу-методикалык комплекстер менен камсыздалышы, Билим берүү процессине жогорку квалификациялуу адистер жана педагогдор түзүмү жана окуу процессинде заманбап үлгүдөгү жаңы технологияларды колдонуу болуп эсептелет.

2.2. **ОМКнин негизги милдеттери**: - жогорку билимдүү адистерди даярдоонун натыйжалуу түзүмүн эмгек базарынын азыркы учурдагы талаптарын эске алуу менен калыптандыруу;

- азыркы учурдун талаптарына жана билим берүүнүн дүйнөлүк тенденцияларына ылайык кесиптик жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын аныктоо;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык жогорку билим берүү программаларын окуу китептери, окуу-методикалык куралдар менен камсыз кылуу;
- АЭУнин окутулуп жаткан кесиптик билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу.

## 3. ОМБнын функциялары

- жогорку билим берүүнүн сапатын көтөрүү жана адистерди даярдоонун түзүмүн өнүктүрүү боюнча сунуштарды даярдоо;

- адистиктердин жана багыттардын окуу пландарын, ошондой эле дисциплиналардын болжолдуу (сунуш кылынган) окуу программаларын иштеп чыгуу;
- ЭААУнин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону, өндүрүштүк практиканы өткөрүү боюнча иш чараларын уюштуруу;
- окуу пландарындагы дисциплиналардын окуунун ырааттуулугун, ошондой эле керектүү адабияттардын тизмесин, лабораториялык жана практикалык тапшырмаларды аныктоо;
- окуу процессинин окуу-методикалык адабияттар менен камсыз болушуна талдоо жүргүзүү жана зарыл болгон окуу китептерин, окуу куралдарын басмага даярдоо боюнча планды түзүү;
- окуу процессин, билим берүү программаларын методика жана окутуу технологиясын өркүндөтүү боюнча рекомендацияларды жана сунуштарды иштеп чыгуу;
- педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу программаларын иштеп чыгуу жана адистик ишмердүүлүгү боюнча ар кандай курстарды уюштуруу;

## 4. ОМКнин ишин уюштуруу

- ОМКнын ишине жетекчиликти АЭУнин окуу иштери боюнча проректор - төрага жүргүзөт, аны ректор буйрук менен дайындайт, ал АЭУнин ОМБнын курамын аныктайт
- ОМКнин курамына АЭУнин тийиштүү профилдеги билим берүү программаларын жүзөгө ашырып жаткан университеттин жетектөөчү адистери кирет. ОМКтин курамы ректордун буйругу менен бекитилет.
- ОМК өзүнүн ишмердүүлүгүн ушул Жобого ылайык иштелип чыккан АЭУнин ОМКтин төрагасы бекиткен иш планынын негизинде жүргүзөт.

АЭУнин ОМКнин жобосу ОМК мүчөлөрүнүн укуктарын, функцияларын белгилейт жана иш регламентин аныктайт.

- ОМК ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн АЭУ шарттарды түзөт жана жыйындарды өткөрүү боюнча уюштуруу маселелерин өз мойнуна алат.

Окуу илимий иштери боюнча проректор,
п.и.д.,профессор — Ж. Каниметов

Окуу илим департаментинин башкы адиси — Г. Джайнакова